# Насаатчылыктын максаттары жана милдеттери

Насаатчылыктын максаты – жаш адистерге кесиптик такшалуу жагынан көмөк көрсөтүү аркылуу мектептин кадрлар боюнча мүмкүнчүлүгүн бекемдөө.

**Насаатчылыктын негизгимилдеттери**

- Мектеп маданиятына көнүктүрүү, мектеп жамаатынын мыкты салттарын жана ченемдерин өздөштүрүүгө көмөктөшүү.
- Жаш адистердин педагогикалык ишке дилгирлигин ойготуу жана аларды мектепте алып калуу.
- Жаш адистин кесиптик өсүшүн камсыздоо. Тапшырылган милдеттерди өз алдынча, сапаттуу жөндөмүн өнүктүрүү.

**Насаатчынынмилдеттери:**

Билим берүү жаатындагы мыйзамдардын жана жаш адистинээлеген кызматына жараша укук – милдеттерин аныктоочу ченемдик- укуктук актылардын талаптарын билүү.

- Жан адистин кесиптик ишмердигине тиешелүү муктаждыктарын аныктап билүү.
- Жыл сайын жаш адис менен биргеликте анын кесиптик өсүш планын иштеп чыгуу, белгилүү мөөнөтүнө аткарылуучу конкреттүү тапшырмаларды берүү.
- Жаш адиске сабакты пландап өткөрүүнүн практикалык ыкмаларын жана жалдорун өздөштүрүү жагынан көмөктөшүү, ишиндеги күчтүү начар жактарын аныктап талдоо жана кемчиликтерин жоюу жолдорун белгилөө.
- Жаш адистке мектеп документтерин ( календардык сабактын күнүмдүк, тарбиялык пландарды, окуучулардын өздүк иштерин, окуу журналын ж.б) тариздөөнү жана жүргүзүүнү үйрөтүү.
- Кызматка киргизүү (мугалимге коюлуучу негизги талаптар, ички эмгек тартибинин, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери менен тааныштыруу).
- Жашадистинишинебайланышканмаселелердиталкуулоого катышуу.
- Түзүлгөн планга ылайыкиш жүргүзүү, анынаткарылышы тууралуу УБ жетекчисинеөз убагындабилдириптуруу.

## Насааатчылыкты уюштуруу

**Насаатчылык** –педогогикалык тажрыйба менен бөлүшүүнүн бир формасы болуп саналат, анын жүрүшүндө ишмердигин жаңы башталган же колдоого муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педогогдун жетекчилигинин алдында иш жүзүндө өздөштүрөт.

**Насаатчылыкты уюштуруу** – бул жаш адистин кесиптик калыптанышы жана өнүгүшү үчүн тажрыйбалуу педагогдун жеке окутуусунун жана тарбия берүүсүнүн формасы.

## Насаатчыларкеңешининфункциялары.

1. Насаатчыларгакоюлуучубирдиктүүталаптардыиштепчыгуу.
2. Насаатчылыктажрыйбасынжалпылоожанажамааттыкбааберүү.
3. Насаатчылардынкесиптикдаярдыгынжогорулатууну уюштуруу.
4. Насаатчылыктыннатыйжалуулугу, усулдукишлтелмелердижанасунуштардыдаярдоомененбайланышкан көйгөйлөрдүизилдөө.

## Насаатчыларкеңешининмилдеттери.

1. Насаатчыларрезервинтандоогожанажаратууга катышуу
2. Насаатчыларгаусулдукжанапрактикалыкжардам көрсөтүү.
3. Насаатчылардыналдынкыиштажрыйбасынизилдөө, жалпылоожанажайылтуу.
4. Чогулуштарданасаатчылардынжанажашадистердин аткаргаништери жөнүндөгүотчеттордуугуу.

**Насаатчылык** - ишмердигин жаны баштаган же колдоого муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педагогдун жетекчилигинин алдында иш жүзүндө өздөштүрүү.

**Жаш адис** – бул тийиштүү үч жылдан аз убакыт иштеген адис

**Стандарт**

1. Пландаштыруу

2. Окуу мазмунун конструкциялоо жана маалымат менен иштөө.

«Бекитемин»

## № 46 “Багы-Шамал” жалпы орто билим берүүчү мектебинин насаатчы мугалими Х Гоипованын жаш адис Илхомжон кызы Мохина менен иштөө планы

| № | Аткарылуучуиштинмазмуну | Мөөнөтү | Аткарылышы боюнча насаатчы мугалимдин колу | Таанышкандыгы жөнүндө жаш мугалимдин колу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаш адисти мектеп жамааты менен тааныштыруу<br><br>Жаш адистин өздүк маалыматын тактоо ( ф.а.а. телефон номери, өмүр баяны, электрондук дареги ж.б) | Сентябрь<br><br>Сентябрь | | |
| | Предметтик программа менен тааныштыруу, журнал менен иштөөнү үйрөтүү | Сентябрь | | |
| | Жаш адистин жогорку окуу жайында алган билимин иш жүзүндө колдонуу, онлайн сабактардын кантип уюштуруу керектеги боюнча усулдук жардам көрсөтүү | Ар дайым | | |
| 2 | Жаш адисти мектептеги семинарларга катыштыруу | Өз убагында | | |
| | Жаш адисти сабакка катышуу графигин түзүү анын аткарылышына көзөмөлдөө | Октябрь | | |
| | Жаш адисти сабак өтүүсүнө методикалык жардам көрсөтүү, сабактын максатын коюуга анализ берүүгө үйрөтүү | Октябрь | | |
| | Ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иш чараларды көрсөтмөлүү өтүүгө үйрөтүү | Ар дайым | | |
| 3 | Жаңы стандарт боюнча конспект жазуу менен тааныштыруу жана биргеликте үлгүлөрүн жазуу | Ноябрь | | |
| | Улуттук мектептерде кыргыз тилин окутулушу боюнча көйгөйлүү болгон маселер менен тааныштыруу жана ушундай кырдаалдарда окуучу менен кантип иш алып баруу керектигин үйрөтүү | Ноябрь | | |
| | Жаш мугалимдин сабактарда көргөзмөлүүлүктөн пайдалануусу боюнча анализ жүргүзүү | Ар жумада бир жолу | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Өз ара сабакка катышуу боюнча иш кагаздарын тактоо, кантип иш алып баруу керектиги менен тааныштыруу | Ноябрь | | |
| 4 | Педагогикалык этика деген эмне экенин жаш мугалимге түшүндүрүү | Декабрь | | |
| | Ар бир окуучунун үйрөнүү жана мүнөзүнө жараша мамиле жасоо керек экендигин үйрөтүү (окуучуга жекече мамилени үйрөнүү) | Ар дайым | | |
| | Сабак учурунда начар окуучуларда кантип сабакка кантип тартуу керек. | Декабрь | | |
| | Жаш мугалимдин сабак учурунда окуучуларды кантип баалоо керектиги боюнча баалоо чен өлчөмдөрү менен тааныштыруу | Ар дайым | | |
| 5 | Окуучулар менен класстан тышкаркы иштерди уюштуруудагы мугалимдин ролу | Январь | | |
| | Жаш адис өзүнүн колеграфиясы менен иштеши жана окуучулардын кол жазмасын сулуу болушуна дагы жооптуу экендигин эскертүү | Январь | | |
| | Жаш мугалимдин сабактарында жазуу эрежелерин сакталышы боюнча сабактарына анализ жүргүзүү. | Бир жумада бир жолу | | |
| | Жаш адис өз сабактарында окуучунун сөз байлыгын өстүрүү жана тил жатыктыруу көнүгүүлөрүн колдонуусу боюнча усулдук жардам көрсөтүү | Январь | | |
| 6 | Мектептин жамаат иштеринде деңгээлине жараша иштерди аткаруусу боюнча кошумча жүктөмөлөр берүү. | Февраль | | |
| | Жаш адистин сабактан тышкары көркөм адабияттарды окуу, дүйнө таанымын жогорлатуу үчүн китеп окуусун көзөмөлдөө. (тарыхый чыгармалар боюнча) | Ар дайым | | |
| | Сабак өтүп жаткан учурда сабактын этаптарын сактоо, чеберчилик менен байланыштыруу боюнча усулдук жардам көрсөтүү . Бул боюнча жаш адистин сабактарына анализ жүргүзүү | Жумада бир жолу | | |
| | Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуусу боюнча көзөмөлдөө | Февраль | | |
| 7 | Чейректин баалоодо окуучунун билим деңгээлине жараша баалоону чен өлчөмдөрүнөн туура пайдалануусу боюнча усулдук жардам көрсөтүү жана көзөмөлдөө | Ар дайым | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Жазуу иштеринда (жат жазуу, дил баян, баяндамалардын айырмасын билүү) баалоодо окуучунун дүйнө таанымы, ой жүгүртүүсүнө дагы көңүл буруу. Каталар үстүндө иштөөдө окуучунун ишине туура талдоо жүргүзүү, “эң жакшы” иштерге өзүнчө токтолуу менен окуучуга стимул берүүнү үйрөнүү | Март | | |
| | Жазуу иштеринде жаш адистин сабактарына анализ жүргүзүү (Жат жазуунунун жазылышындагы эрежелердин сакталышы боюнча) | Жумада бир жолу | | |
| | Окуучулар менен олимпиадаларга иштөөнү кантип уюштуруу боюнча иш план түзүү жана иш алып барууну үйрөтүү | Март | | |
| 8 | Иш кагаздарын жүргүзүүдө № 517 типтүү нускама менен жаш мугалимдин тааныштыруу | Апрель | | |
| | Өз алдынча иш кагаздарын жүргүзүүгө көмөктөшүү. Окуучуларга педагогикалык мүнөздөмө жазганды үйрөтүү | Апрель | | |
| | Окуучуларга сабак өтүп жатканда презентация жана слайд даярдооге үйрөтүү биргеликти видео сабактарды даярдоо | Апрель | | |
| | Өзү даярдаган видео сабактарын сабак учурунда колдонулушуна анализ жүргүзүү | Апрель | | |
| 9 | Жаш адистердин иштери боюнча насаатчылардын отчету, жана анализи. | Май | | |
| | Сабактардын иштелмелери жыл ичинде. Календардык план, журнал менен дал келиши | Май | | |
| | Өткөн предметтери боюнча окуучулардын билим сапаттуулугун аныктоо | Май | | |
| | Жетекчиликке жылдык отчет тапшыруу | Май | | |

Түзгөн: Х.Гоипова

**Жаш  мугалим мектебинин отурумунун протоколу**

1-сентябрь  2022 – жыл                                                                    Сафед-Булан айылы

Чогулушка жаш мугалимдер мектебинин 6-мүчөсү катышты

Чогулуштун төрайымы -            Казакова Т

Катчы –  Гоипова Х

Каралуучу маселе:

1.Предметтик план түзүү

2.Анкета алуу

**Отурумдун жүрүшү**

2022 – 2023 – окуу жылында Ифтихоржон кызы Шодия 1-6-7-класстарга кыргыз тили жана адабияты предметинен сабак берет.Жаш адис предметтик план түзүүдө предмет боюнча берилген стандарттарга, окуу программасына жана окуучулардын керектөөлөрүнө жараша пландаштырышы керек. Жаш адис сабактарын мектептин талаптарына жараша өтүү үчүн колдонулган китеп жана үйрөтүү программасынын алкагында негизги билим, көндүм жана түшүнүк аппаратына  ээ болушу зарыл. Түзүлгөн план талап кылган мазмунду окуучуларга бере алышы, аларды кайталоодо билимди топтоого багыттай алышы керек.Жаш адис менен суроо-жооп аркылуу коммуникативдуу процесске катыштыруу үчүн анкета алынды.

Илхомжон кызы Мохина : Мен план түзүүдө окуучулар менен өзүнчө иш алып барууда кыйналам. Тажрыйбалуу мугалимдерден сабагына катышып, кесиптик деңгээлимди жогорулаткым келет.

**Чечим:**

1. 2020 – 2021 - окуу  жылына карата 1-6-7-класстардын кыргыз тили жана адабияты предметинин өндүрүштүк планы 1 –сентябрга чейин толугу менен бүткөрүлгөнү белгиленсин.
2. План түзүүдөгү кемчиликтерин оңдоо жана жардам берүү жагына насаатчы мугалимгемилдеттендирилсин.

Төрайым :                                    Т.Казакова

Катчы:                                        Х.Гоипова